# Тарбиялык саат

## Тема:

## “Элдин биримдиги маданий көп түрдүүлүктө”



Класс жетекчи: Исакова Умида

Класс: 6 а

Ж.Ч.К-уел
Бул: Кыдыр.
1.09 2022

# "Элдердин биримдиги маданий көп түрдүүлүктө"

(Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5-6- класстары үчүн 2022-2023-окуу жылынын 1-сентябрында өтүлүүчү класстык сааттын болжолдуу үлгүсү)

**Сабактын максаттары:**

**Маалыматтык:**
- ар кайсы маданияттардагы үйлөрдүн айырмачылыктарын жана окшоштуктарын көрсөтүү;
- коомдоштуктар менен маданияттардын айырмалуу жана окшош белгилерин сыпаттоо;

**Өнүктүрүүчүлүк:**
- үйдүн жасалгаланышына улуттук маданият кантип таасир этерин сыпаттоого багыттоо ;
- өз үйүнө, үй-бүлөсүнө карата болгон сезимдерин түшүндүрүп берүүгө көмөк кылуу;

**Тарбия берүүчүлүк:**
- үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоонун маанисин чечмелөөгө шарттарды камсыз кылуу.

**Негизги түшүнүктөр:** улуттук маданият, үй-бүлөлүк салттар.

**Улуттук маданият** – бул белгилүү өлкөдөгү, мамлекеттеги коомдоштуктун рухий турмушун мүнөздөгөн символдор, ишенимдер, ынанымдар, жүрүм-турум ченемдери. https://tspu.ru/res/other/kulturolog/lec3.html

**Үй-бүлөлүк салттар** – бул үй-бүлөдөгү муундан-муунга өтүп келе жаткан ченемдер, жүрүм-турум адаты, жөрөлгөлөр жана көз-караштар https://molportal.ru/node/13680


**Сабактын жүрүшү**

**Чакыруу этабы**






**1-көнүгүү.** Эки-экиден болуп иштегиле. Үйдөбүз деп элестеткиле. Эмнени сезип-туйганыңарды сыпаттагыла. Силер кайсы бөлмөдө турасыңар? Силердин айланаңарда эмнелер бар? Кандай жыттарды сезип жатасыңар?

**Маалымат менен иштөө**

**2-көнүгүү.** Үйдө кандай буюмдар болушу мүмкүн, жазгыла.



**3-көнүгүү.** Салыштыргыла: Силер көрсөткөн буюмдар кайсы үйлөрдө болушу мүмкүн? Эмне үчүн ушундай деп ойлогонуңарды түшүндүргүлө.

| | |
|---|---|
| <br>1-сүр. Боз үй – кийизден жасалган көчмө үй<br>https://ru.depositphotos.com/stock-photos/%D1%8E%D1%80%D1%82%D0%B0.html?qview=2652002 | <br>4-сүрөт. Жыгач үй<br>http://indizajn.ru/derevyannyj-dom/ |
| <br>2-сүр. Өзгөчө үй<br>http://ua.utro.news/neobychnye-doma-zhitelei-raznyh-stran-mira-udivitelnye-18042107464680.htm | <br>5-сүр. Коттедж<br>https://krasnodar.ccnova.ru/stroitelnye-uslugi/stroitelstvo-kottedzhej.html |
| <br>3-сүр. Көп батирлүү үй<br>https://kg.akipress.org/news:1422736 | <br>2-сүр. Кепе<br>http://fotokto.ru/photo/view/115601.html |

**4-көнүгүү.** Тексттти окугула. Тексттен кийин тапшырманы аткаргыла.

## Өз үйүм – өлөң төшөгүм

Үй бизге бейпилдик тартуулайт, бизди сырткы дүйнөдөн, оорчулуктан жана жа көздөрдөн калкалайт, биздин инсандык өзгөчөлүгүбүздү чагылдырат.

Бирин-бири сыйлап, дасторконго чогуу отурган, бири-биринин көзүнө жылуу караган жер – менин үйүм. Азыр бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү эки же үч үйдө жашашы мүмкүн. Бирок учурдагы кишилерге дагы үй, жеке чөйрө, туугандарынын алака-катышы керек. Кээ бирлер үчүн үй түнөк үчүн гана зарыл, ал эми калгандар өз киндик каны тамган коломтосун абат кылат, оңдоп-түзөйт, жасалгалайт.

Адамдар көбүнесе үйдү ал сырткы оорчулуктардан коргогондугу үчүн жактырышат. Бул адам өзүн коопсуз сезген жер, жакындары менен болгон ысык мамилелердин очогу. Көнүмүш буюмдар, тааныш жана жагымдуу жыттар, жагымдуу эскерүүлөр кишилерге коопсуздук сезимин тартуулайт. Биз үйүбүздү эстегенде, көбүнчө ойлорубуз биз унутуп калгансыган ата-энебиздин коломтосуна чабыттап учат. Анда сыйлоо, жакшы көрүү бар, дасторкондо ысык нан жатат, үй-бүлөлүк майрамдар шатыра-шатман болуп өтөт. Андай көз ирмемдерде жан дүйнөң жарып, жеңилдене түшөсүң.

Бардык замандарда бир орунда турбай, көчүп-конуп, ар кайсы шаарларда жашаганды жактырган кишилер болгон. Бирок ар ким дүйнөдө дайыма кайрылып келе турган жери барлыгын билиши зарыл.

Каалаган адамдын үйүнө кирип, бир нече сааттын ичинде анын кандай экендигин, кайсы түстөрдү, буюмдарды жактырарын, убакытты кантип өткөрөт, тазалыкты, жайлуулук менен ыңгайлуулукту канчалык баалай турганын билүүгө болот. Үйүн көргөндө, анда кандай адам жашаарын билсек болот. Үйдөгү маанай адамдын табити эле эмес, анын маданияты менен ынанымдары жөнүндө да кабар берет.

Чакан тайпаларда талкуулагыла.

– Адамдын жашоосунда үйдүн мааниси кандай?
– «Үйүн көргөндө, анда кандай адам жашаарын» кантип билүүгө болот?
– Үй-бүлөлүк салттар силердин үйүңөрдүн жасалгасынан кантип чагылдырылган?
– Үйдүн жасалгасына улуттук маданият кандай таасир этет?

https://styldoma.ru/novosti/moj-dom-mesto-gde-vsegda-uyut

**5-көнүгүү.** Макалдардын маанисин түшүндүрүп бергиле.

- Менин үйүм – менин сепилим.
- Үй кожоюндун эмес, кожоюн үйдүн көркүн ачат.
- Эмгекчилдин үйү жайлуу, жалкоонун үйү бейжай.
- Түндүгү бир үй-бүлө ырыстуу.

**Аракеттенебиз!**

**6-көнүгүү.** Жакын адамыңарга үйүңөр жөнүндө кат жазгыла. Сунушталган планга таянгыла. Жазган катыңарды жупта, топто окуп бергиле.

*Кымбаттуу ...*

*Кайда ... болсо, ошол жерде үй болот.*

*Эң жагымдуу бөлмө ..., себеби ...*

*Мен ... жакшы көрөм.*

**Рефлексия**

**7-көнүгүү.** Бул ойду уланткыла: *Үйлөр ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок ...*

Класстык саатты даярдаган:
Орусбаева Д.Н., КББАнын көп тилдүү жана инклюзия бөлүмүнүн башчысы

# Тарбиялык саат

## Тема: Мугалим-мөмөлүү дарак.



7-“А” класс

Класс жетекчи: Рахимова Замира

# Сабактын планы

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Өтүлгөн күнү: | | | | |
| Колу: | | | | |

Сабактын темасы: Мугалим мөмөлүү дарак

| Сабактын максаты: | Сабактын көрсөткүчтөрү: |
|---|---|
| 1. Билим берүүчүлүк максаты: | |
| Мугалимдик татаал, ар тараптуу ошол учурда ардактуу сыймыктуу, коомго керектүү кесип экендиги жөнүндө түшүнүшөт | Мугалимдик татаал, ар тараптуу ошол учурда ардактуу сыймыктуу, коомго керектүү кесип экендиги жөнүндө түшүнө алышса |
| **2. Өнүктүрүүчүк максаты:** | |
| Мугалим коомдун жаратман түзүүчүсү, окуучунун инсан болуп калыптанышында, дүйнөнү таанып билүүсүндө эң негизги пайдубал экенине ынанышат жана аны өнүктүрүшөт | Мугалим коомдун жаратман түзүүчүсү, окуучунун инсан болуп калыптанышында, дүйнөнү таанып билүүсүндө эң негизги пайдубал экенине ынанышса жана аны өнүктүрө алышса |
| **3. Тарбия берүүчүлүк максаты:** | |
| Улуттук каада салтты эске алуу менен мугалимди сыйлоо, ардактоо, даңазалоо аркылуу мекенге кызмат кылууга, мекенди сүйүүгө тарбияланышат. | Улуттук каада салтты эске алуу менен мугалимди сыйлоо, ардактоо, даңазалоо аркылуу мекенге кызмат кылууга, мекенди сүйүүгө тарбияланышса. |

**Сабактин тиби:** Билимди бекемдөө сабагы

**Сабактын усулу:** интерактивдүү

**Сабактын формасы:** топ аралык, өз алдынча, жуп менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** маркер, бор.

**Сабактын түзүмү:**

**1) Уюштуруу:** (саламдашуу, тизмени тактоо, класстын тазалыгына көңүл бөлүү психологиялык жагдай түзүү)

Саламатсыңарбы балдар?

Кана балдар колуңардагы барактарга экранда көрсөтүлгөн үч бурчтук, канча бала төрт бурчтук, канча бала тик бурчтук тартып эсептеп жазып кластагы келген окуучунун санын тактайбыз



Квадрат - бул мээнеткеч адам болот. Эмгекти сүйгөн, ишин аягына чыккан.

Квадраттын чыдамдуулугу, талыкпагандыгы, тыкандыгы. Буларды «Эрудиттер» деп аташат



Үч бурчтук - бул кубаттуу алдуу, күчтүү токтото алгыс залкар инсан адам. Ал алдына ачык айкын максатты коёт да, ага сөзсүз жетишет. Булар мансапкор киши, даңкты сүйөт.



Тик бурчтук - проблеманы чечүүдө башы маң болуп, баарын чаташтырып алат да чечкиндүүлүгүн жоготуп коёт. Мүнөздүү белгиси ачууланган убакта ырааттуулугун жоготуп ишти алдын ала билүүсү солгун тартып калгандыгында

**2) Жаңы темага киришүү:**

Мугалимдин сөзү:

(Сабакты баштаардын мурун коноктorго кайрылуу: колуңардагы алмага 2ден 5ке чейинки бааны коюп, тиги турган даракка чаптап кетсеңиздер, ал эми экинчисин болсо бизден белек кылып ала кетесиздер)

Саламатчыздарбы урматтуу коноктор жана сүйүктүү окучулар! Бүгүнкү бизди сабагыбыз "Мугалим-мөмөлүү дарак" деп аталып, кесиптердин падышасы болгон мугалимдик кесип жөнүндө болмокчу. Силер азыркыга чейин кайсы кесиптин ээси болоорунарды тандай элексиңер. Ошондуктан мүмкүн бүгүнкү сабактан кийин мугалимдик кесипти таңдайсыңар. Эмне үчүн ушул теманы алганыбыздын жана сабагыбыздын максаты биринчиден, мугалимдик кесиптин татаал жана ар тараптуу ошол эле учурда ардактуу, сыймыктуу, коомго керектүү кесип экендигин билебиз. Экинчиден, мугалим – коомдун жаратман түзүүчүсү, окуучунун инсан болуп калыптанышында, дүйнөнү таанып билүүсүндө эң негизги пайдубал экенине ынанасыңар, үчүнчүдөн улуттук каада салтты эске алуу менен мугалимди сыйлоо, ардактоо, даңазалоо аркылуу мекенге кызмат кылууга, мекенди сүйүүгө тарбияланасыңар.

**3) Тапшырманы текшерүү:**

"Кесип деген эмне?" деген суроого кыскача жооп беришет

Кудай буюрса ар бир кесипти тандап чыгабыз, эмне үчүн мугалимдик кесиптен баштадык, себеби баардык кесиптерге мугалим даярдап, багыт берет, жол көрсөтөт эмеспи. Кесип – өмүрүбүздүн үчтөн бир бөлүгү, өткөргөн ишибиз алакты болгон нерсебиз. Кесиптердин беш тиби болот.

1) Адам-жаратылыш
   (ветеринар, агроном, тракторист)
2) Адам-техника
   (айдоочу, матрос, токарь, слесарь)
3) Адам-адам
   (мугалим, врач, журналист, сатуучу)
4) Адам-белгилер
   (нота, формула, сандар менен иштегендер)
5) Адам-көркөм образ
   (музыкант, сүрөтчү, актер, дизайнер)

Биздин мугалимдик кесип бул адамдар менен иштейбиз. Мектепте "А" тамгасын таанып, он жыл билим, тарбия алып, эрезеге жетебиз, ошол учурда мугалим ар бир баланын мүнөзүнө жараша мамиле кылып, шыгына, жөндөмүнө карап билим тарбия берип, турмуш жолуна салат. Адам баласы эки нерсени туура тандашы керек:

1) Кесипти
2) Өмүрлүк жарды

Биз буга чейин "Менин келечектеги кесибим" деген суроого ар кимиңер тандаган кесибиңер жөнүндө айттыңар эле, мен кубандырганы 20 окуучудан 4окуучунун мугалим болом дегени

**4)Эми сабагыбыздын экинчи бөлүгүн баштасак!**

«Окуу – билим азыгы, билим-ырыс азыгы» дегендей, «А» тамгасын таанытып, окуучуларга билим, таалим-тарбияберип, эрезеге жеткирген – бул мектеп. Ал эми ар бир баланын мүнөзүнө жараша мамиле кылып, баланын жөндөмүнө, шыгына жараша билим берип, турмуш жолуна салган албетте, бул мугалим.

Мугалим... кандай гана ардактуу сөз. Мугалим кылымдардан бери келе жаткан эскирбеген кесип. Анын педагогикалык акыл топтому, алысты көрө билгендиги, изденгичтиги жана жаш баладай жумшак баёо көңүлүн, бүткүл чыгармачылык кудуретин келечек ээлерине терең билим, мыкты тарбия берүүгө жумшагандыгы менен кадырлоого ээ болгон инсан.

Баарыбыздын башат-тамырыбыз, асыл ой-тилектерибиз, жетишкен ийгиликтерибиз биринчи кезекте мектеп менен байланыштуу. Элибиздин рухий байлыгы мектеп аркылуу калыпка салынаары белгилүү. Андыктан адамдардын жан-дилин илим-билим үрөөнүн сээп, жаркын максаттарга үндөгөн мугалимге кандай алкыш айтсак да жарашат.

Ар бир замандын өзүнө жараша мугалими болот. Бул сөз азыркы мезгил үчүн айрыкча мааниге ээ. Анткени бүгүн мектеп да түп тамырынан кайра түзүлүү тагдырына туш келип, заманбап окутуунун методикаларынан артта калбай, өз өнүгүүсүнүн кыйла кыйын кезегин баштан кечирип жаткан кези десек ашык болбос.

Ошондуктан педагогтун азыркы учурда аткарчу милдети бир жагынан өтө ардактуу болсо, экинчи жагынан ошончолук жоопту. Себеби билим берүү, таалим-тарбия жана агартуу тармагын өркүндөтүү ишинде мугалимге өзгөчө милдет тагылган. Республикада жүрүп жаткан ар кандай реформаларга аралашып, аны алдыга жылдыруучу жаңы күчтөр дал ушул мектептер аркылуу даярдалып, улуттар аралык ынтымакка, адамдар ортосундагы өз ара жылуу мамилеге жана жалпы журт ичиндеги бейпилчиликке бекем данакер.

**Мугалимдер**

Мугалимдер – зирек жашап, ат багат,
Мээ коротуп, мектеп ишин аркалайт.
Мажурум тал шактарындай ийилип,
Мээрим төгүп, окуучусун калкалайт.

Эч кири жок жүрөгүндө, сезимде,
Эл-жерменен жаңы бирге, дилбирге.
Эс-акылга ыйман менен жаңы ой,
Эгип келет көтөрөр деп кезинде.

Өз тагдыры бир жыйынга,
Өзгө тагдыр тынчтык бербейт ыйымга.
Өмүр сүрөт мугалимдер изденип,
Өчпөс жарык чачамбы деп, кылымга.

**Мугалимдер жөнүндө учкай сөздөр:**

Окуучуга мектептеги эң маанилүү кубулуш, эң үлгү болоорлук сабак, эң жандуу мисал бул - мугалим. (А. Дистервег)

Ким эскини аппештеп, жаңыны аңдап-билсе, аңдай адам, мугалим боло алат. (Конфуций)

Биз кимден билим алсак, алар биздин окутуучубуз атына ээ, бирок үйрөткөндүн бардыгы окутуучу атынын баркына жете бербейт. (И. Гете)

Жакшы мугалим болу үчүн, окуткан сабакты жана окуучуну сүйүү зарыл. (В. Ключевский)

Мектеп мугалимдери, ушундай бийликке ээ болуп, премьер-министрлердин андай бийлик кыялында гана болот. (У. Черчилль)

Мугалим бул – оор нерселерди оңой кылуучу адам. (Р. Эмерсон)

Эгер мугалимде жумушуна гана сүйүүсү болсо, анда ал жакшы мугалим.
Эгер мугалимде окуучуларга, анын атасы жана энесиндей сүйүүсү болсо, анда ал бардык китептерди окуган, бирок жумушуна да, окуучуларга да сүйүүсү жок мугалимден жакшы.
Эгер мугалимде жумушуна да, окуучуларга да сүйүүсү болсо, анда ал – мыкты мугалим. (Л. Толстой)

**Үй тапшырма берүү:**

"Мугалим мен үчүн..." деген темада дил баян жазып келүү

Балдар силерге чоң рахмат! Мугалимден билим-тарбия албаган бир да адам жок. Биздин күндөрдө өзүнүн асылдыгы менен муундун- муунга сакталып келүүдө. Мугалимсиз, мектепсиз адам канай билим кандай билим алып, кесипке ээ болуп, жашоосун өткөрөт? Ата-эне балага үйдөн тарбия берсе, мугалим баланын ээр жетип, билими менен эртеңки чоң турмушка ой жүгүртүүсүн калыптандырат. Мугалим – элдик киши, элди агартып, керек болсо депутат, министир, президент да мугалимдин мөмөсү. Ар бир мугалимдин жүрөгү окуучулардын ийгилиги менен толукталып турат. Мугалим – таалайдын тазасы, тарбиянын башаты!

Адамзат үч нерсеге :

1) Жарык берген күнгө
2) Жашоо берген энеге
3) Билим берген мугалимге
   Демекчи ар дайым ата-энеге жана мугалимине сый корсөт урматтуу окуучу. Анда эмесе сабагыбызды силердин жан дилиңерге илим-билим үрөөнүн сепкен ардактуу эжей-агайларыбызга арнасак